# Нух




Кудай адамды Өзүнүн бейнесине окшоштуруп жараткан.
Адам - эркек жана аял болуп жаратылды.
Кудай-Теңир аларды баталап, “адам” деп атады.
Адам жер үстүндө 130 жыл жашаган соң Шет аттуу уулдуу болду.
Адамдын башка уул-кыздары да болгон.
Шет Эноштун атасы.
Эноштон Кейнан төрөлдү.
Кейнандан Маалалел төрөлдү.
Маалалелден болсо Жарет төрөлдү.Жареттен Энох төрөлдү.
Энохтон Матушал төрөлдү.
Энох Кудай алдында түз жүрдү. Анан жок болуп кетти, анткени аны Кудай алып кетти.
Матушалдан Лемек төрөлдү.

Лемек болсо Нух аттуу уулдуу болду.

Лемек: “Теңир каргаган жерди иштетип, эмгектенип жатканыбызда, ал бизге сооронуч болсун”, – деди.
Нух беш жүз жашка чыкканда, андан Шем, Хам, Жепет төрөлдү.

Нух деген сөз “ыңгайлуу” дегенди билдирет.




Башталыш 5:1-32


Адамдын саны жер үстүндө бара-бара көбөйө баштады. Кудай адам өмүрүн 120 жылга чейин кыскартты.
Теңир жер бетиндеги адамдардын абдан бузулганын, алардын бардык ойлору, жүрөгүндөгү каалоолору ар убакта жамандык экенин көрдү.
Анан Теңир мындай деди: "Мен Өзүм жараткан адамдарды жер бетинен жок кылам, адамдан тартып малга чейин: жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарларды, асман канаттууларын жок кылам, анткени Мен аларды жаратканыма өкүнүп жатам".
Бирок Нух болсо Теңирдин алдында ырайым тапты.
Бул Нух жөнүндөгү аңгеме.
Нух өз замандаштарынын ичинен адил, кемчиликсиз адам болгон. Нух Кудайдын алдында түз жүргөн.
Нухтун аялы жана Шем, Хам, Жепет деген үч уулу болгон.
Ошондо Кудай Нухка мындай деди:
"Карап тур! Эми Мен асман астындагы өмүр деми бар тирүү жандын баарын жер бетинен жок кылыш үчүн, топон суу каптатам. Жер бетиндегинин бардыгы өмүрүнөн ажырайт.
"Менин алдымда ар бир жандын күнү бүттү, анткени жер бети алардын жаман иштерине толуп кетти. Эми Мен аларды жер бетинен жок кылам. Сен өзүңө гофер жыгачынан туюк кеме жаса. Кеменин ичин бөлүктөргө бөлүп, ичи-тышын чайыр менен капта. Сен аны мындай жаса: кеменин узундугу үч жүз чыканак, туурасы элүү чыканак, ал эми бийиктиги отуз чыканак болсун. Кеменин жогору жагын оюп, бир чыканак терезе чыгар, капталына эшик жаса. Ичин үч кабат кылып кур."
Бирок Мен сени менен келишим түзөм. Кемеге сени менен кошо уулдарың, аялың жана уулдарыңдын аялдары кирсин."
Башталыш 6:1-22


Кудай Нухка көрсөтмөлөрдү берип жатты...
“Кемеге бардык жаныбарлардан эркек-ургаачы кылып, түгөйлөп киргиз. Тирүү калышы үчүн, канаттуулардын түр-түрүнөн, малдардын түр-түрүнөн, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү жаныбарлардын түр-түрүнөн түгөйү менен киргиз.”
“Анан жегенге жарактуу ар кандай азыктан жыйып ал. Ал сага да, аларга да азык болот.”
Нух бардыгын жасады: Кудай кандай буйруса, ал так ошондой жасады.
Жети күндөн кийин…
Башталыш 6:19-7:10


Ошол күнү зор туңгуюктун бардык булактары атырылып ачылды, асман терезелери да ачылды. Жер бетине кырк күн, кырк түн жамгыр төгүп турду.
Жер бетинде топон суу кырк күнгө созулду. Суу көбөйүп, кемени көтөрдү. Кеме жерден жогору көтөрүлдү. Суу болсо күчөп, көбөйгөндөн көбөйө берди. Кеме суунун үстүндө калкып калды. Суу жер бетинде күчөгөндүктөн, асман астындагы бардык бийик тоолор суу астында калды. Суу тоолордон он беш чыканактай жогору көтөрүлүп, аларды басып калды.
КОО



Жер бетиндеги кыбыр эткен бардык тирүү жандар: канаттуулар, малдар, жаныбарлар, жер үстүндө сойлоп жүрүүчү бардык жаныбарлар жана бардык адамдар өмүрүнөн ажырады.
Жер үстүндөгү тирүү жандын бардыгы кырылды. Нух менен кемеге киргендер гана тирүү калышты. Жер бетинде суунун деңгээли жүз элүү күн бою улам жогорулап турду.
Кудай Нухту жана кемедеги бардык жаныбарлар менен малдарды эстеп, жер бетине шамал жиберди, ошондо суу тартыла баштады.
Башталыш 7:11- 24


КЕМЕ СУУНУН ҮЧТҮНДӨ ЖҮЗ ЭЛҮҮ КҮН СҮЗҮП ЖҮРГӨН СОҢ НУХ БИР КАРГАНЫ КОЁ БЕРДИ.
ЭМНЕ СЕБЕПТЕН МЫНДАЙ КЫЛДЫҢЫЗ, АТА?
СУУ ТАРТЫЛЫП, ЖЕР КӨРҮНСӨ, КАРГА КАЙРА УЧУП КЕЛБЕЙТ, ЭГЕР КАЙРА УЧУП КЕЛИП ТУРСА, АНДА СУУ ДАГЫ ЭЛЕ БАР.
ЖОК, АТА, МЕН АНЫ АЙТКАН ЖОКМУН. ЭМНЕ СЕБЕПТЕН, ЭКИ КАРГАНЫН БИРИН ЖИБЕРДИНИЗ ДЕП ЖАТАМ. БИЗДЕ БОЛГОНУ ЭКИ КАРГА ГАНА БАР, АНЫН БИРӨӨ ЖОГОЛУП КЕТСЕ, ЭМНЕ БОЛОТ ЭЛЕ? ...
АНДА КИЙИНКИСИНДЕ КӨГҮЧКӨНДӨРДҮ ЖИБЕРЕБИЗ, АЛАРДАН ЖЕТӨӨ БАР...
КАРГА КЕМЕДЕН УЧУП ЧЫГЫП, ЖЕР КУРГАГЫЧА УЧУП КЕТИП, КАЙРА УЧУП КЕЛИП ТУРДУ.
БИР ЖУМАДАН КИЙИН ...
ЭМНЕ ҮЧҮН ТҮЙШӨЛҮП ЖАТАСЫЗ, АТА?
МУРДАГЫ ЖУМАДА ЖИБЕРИЛГЕН КАРГА ЭЧ НЕРСЕ ТАППАЙ КАЙРА УЧУП КЕЛДИ.
ООБА ДЕЧИ. КЕМЕНИН СЫРТЫНДА ЭМНЕ БОЛУП ЖАТКАНЫ МАГА АБДАН КЫЗЫК БОЛУП ЖАТАТ. БИРОК ЭШИКТИН АЧКАНГА ДААБАЙ ЖАТАМ.
БАШТАЛЫШ 8:6-9




БАШТАЛЫШ 8:10-12


ТЕҢИР КЕМЕНИН ЭШИГИН ЖАПКАН СОҢ АРАДАН ҮЧ ЖҮЗ ЖЕТИМИШ АЛТЫ КҮН ӨТТҮ.
УБАКЫТ КЕЛДИ, УУЛДАРЫМ.
БҮГҮН БИЗГЕ ЫЛАЙЫКТУУ ЖЕР ДАЯР БОЛГОН КҮН!
МЕН ДА АЛ ЖЕР ҮЧҮН ДАЯРМЫН!
ОО, НУХ!
КАРАСАҢ!!!
… ЖЕРДИН ҮСТҮ КУРГАП КАЛЫПТЫР.
ОШОНДО КУДАЙ НУХКА МЫНДАЙ ДЕДИ:
КЕМЕДЕН СЕНИ МЕНЕН КОШО АЯЛЫҢ, УУЛДАРЫҢ ЖАНА КЕЛИНДЕРИҢ ЧЫКСЫН.
БАШТАЛЫШ 8:14-15





БАШТАЛЫШ 8:17-19




БАШТАЛЫШ 8:20


УКУМДАП-ТУКУМДАП КӨБӨЙГҮЛӨ, ЖЕРГЕ ТОЛГУЛА.
ЖЕР БЕТИНДЕГИ ЖАНЫБАРЛАР, АСМАНДАГЫ КАНАТТУУЛАР, ДЕҢИЗДЕГИ БАЛЫКТАР, ЖЕР БЕТИНДЕ КЫБЫР ЭТКЕНДИН БААРЫ СИЛЕРДЕН КОРКУП, ТИТИРЕП ТУРУШСУН.
АЛАРДЫ СИЛЕРГЕ БЕРДИМ.
КЫБЫР ЭТКЕН ТИРҮҮ ЖАНДЫН БАРДЫГЫ СИЛЕРГЕ АЗЫК БОЛСУН.
ӨСҮМДҮКТҮ БЕРГЕНИМДЕЙ ЭЛЕ, СИЛЕРГЕ БУЛАРДЫН БАРДЫГЫН БЕРИП ЖАТАМ.
МЕН СИЛЕРДИН КАНЫҢАР ҮЧҮН – ЖАНЫҢАР ҮЧҮН ЖАЗАЛАЙМ.
АДАМДЫН КАНЫН ТӨККӨН МАЛ БОЛСО ДА, АДАМ БОЛСО ДА, БИР ТУУГАНЫ БОЛСО ДА, АНЫН ЖАЗАСЫН БЕРЕМ.
АДАМ БОЛСО ДА, БИР ТУУГАНЫ БОЛСО ДА, АНЫН ЖАЗАСЫН БЕРЕМ.
КИМ АДАМДЫН КАНЫН ТӨКСӨ, АНЫН КАНЫ ДА АДАМДЫН КОЛУ МЕНЕН ТӨГҮЛӨТ, АНТКЕНИ АДАМ КУДАЙДЫН БЕЙНЕСИ БОЮНЧА ЖАРАТЫЛГАН.
СИЛЕР БОЛСО УКУМДАП-ТУКУМДАГЫЛА, ЖЕР БЕТИНЕ ТАРАГЫЛА, КӨБӨЙГҮЛӨ.


МЕН БУЛУТ БЕТИНЕ КӨК ЖЕЛЕ ТАРТАМ, АЛ МЕНИ МЕНЕН ЖЕРДИН ОРТОСУНДАГЫ КЕЛИШИМДИН БЕЛГИСИ БОЛОТ.
МЕН ЖЕР БЕТИНЕ БУЛУТ КАПТАТКАНДА, БУЛУТ БЕТИНДЕ КӨК ЖЕЛЕ ПАЙДА БОЛОТ. ОШОНДО СИЛЕР МЕНЕН, БАРДЫК ТИРҮҮ ЖАНДЫКТАР МЕНЕН ТҮЗГӨН ӨЗҮМДҮН КЕЛИШИМИМДИ ЭСТЕЙМ.
МЫНДАН АРЫ БАРДЫК ТИРҮҮ ЖАНДЫКТАРДЫ КЫРГАН ТОПОН СУУ БОЛБОЙТ.
БУЛУТ БЕТИНДЕ КӨК ЖЕЛЕ ПАЙДА БОЛГОНДО, МЕН АНЫ КӨРҮП, ЖЕР БЕТИНДЕГИ БАРДЫК ТИРҮҮ ЖАНДЫКТАР МЕНЕН ТҮЗГӨН ӨЗҮМДҮН ТҮБӨЛҮК КЕЛИШИМИМДИ ЭСТЕЙМ.




БАШТАЛЫШ 9:20-21


АТА?
АПАМ СИЗДЕН СУРАП ЖАТТЫ ЭЛЕ–
ОЙ, АТА!
БУЛ КАНАТТ-УУЛАР БУЛ ЖАКТА КАЛЫШАТ ДЕП ҮМҮТТӨНГӨМ.
АЛАРГА ТАМАК ЖЕТИШТҮҮДӨЙ КӨРҮНГӨН. БИРОК, АЛАР БАШКА ЖАНДЫКТАР МЕНЕН КОШО КЕТИШТИ.
ХАМ, САГА ЭМНЕ БОЛДУ?
ЭМНЕ БОЛГОНУН АТАМДАН СУРА!
АТАБЫЗ ОТУРГУЗГАН ЖҮЗҮМЗАР ТҮШҮМ БЕРИП, АЛ АНДАН ИЧИП МАС БОЛГОН ОКШОЙТ!
АНАН АЛ АЗЫР ЧАТЫРДА ЭНЕДЕН ТУУМА ЖЫЛАҢАЧ ЖАТАТ!
БАРЫП ӨЗҮҢ КӨР!
БАШТАЛЫШ 9:22


БИР ТУУГАНДАР, АДАММЕНЕН ОБО КҮНӨӨ КЕТИРГЕНДЕН КИЙИН ЭҢ БИРИНЧИ ЭЛЕ ЖАЛЫҢАЧ ЭКЕНИН СЕЗИШКЕНИ МЕН ҮЧҮН ТАҢ КАЛЫШТУУ.
БИРОК, АТА...АЛ ӨЗҮНҮН ЗАМАНЫНЫН ЭҢ ТАКЫБА АДАМЫ ЭЛЕ ГО!
КУДАЙ-ТЕҢИРИБИЗДИ ЖИЙИРКЕНТЕ ТУРГАН НЕРСЕДЕН АРЫЛТА ТУРГАН БИРӨӨ ТАНДАЛЫП АЛЫНГАН.
КӨПТӨГӨН КҮНӨӨК-ӨРЛӨР БУЛ ДҮЙНӨДӨН ӨТҮШТҮ, БИРОК КҮНӨӨКӨР ТАБИЯТЫБЫЗ БИЗ МЕНЕН.
АНТКЕНИ БИЗ АЗЫР ТИРҮҮБҮЗ.
АТАМ ЖАКТЫ КАРАБА, ЖЕПЕТ.
АТАБЫЗДЫН ЖЫЛАҢАЧ ДЕНЕСИН КӨРБӨШҮБҮЗ КЕРЕК.
ЭМНЕ БОЛУП КЕТТИ? ЭМНЕ ҮЧҮН ШЕМДИН ЧАПАНЫ МЕНДЕ?
НУХ, СЕН МАС БОЛУП, ЖЫЛАҢАЧ БОЙДОН БУЛ ЖЕРГЕ ЖАТЫП КАЛДЫҢ.
УУЛДАРЫҢДЫН АРАСЫНАН ХАМ СЕНИН ЖЫЛАҢАЧ ДЕНЕҢДИ КӨРҮП, КАЧЫП КЕТТИ. АЛ ЭМИ БЕРКИ ЭКИ УУЛУҢ СЕНИ ЧАПАН МЕНЕН ЖААП КОЮШТУ.
ХАМ? ХАМ? МЕНИ ЖЫЛАҢАЧ КАЛТЫРГАНЫ ҮЧҮН КАНААНГА (АНЫН ТУКУМУ) КАРГЫШ ТИЙСИН!
ШЕМ МЕНЕН ЖЕПЕТ ЖАРДАМГА КЕЛГЕНИ ҮЧҮН КУДАЙ АЛАРДЫ БАТАЛАСЫН!
КАНААН ӨЗ БИР ТУУГАНДАРЫНЫН АЛДЫНДА ЭҢ ТӨМӨНКҮ КУЛ БОЛСУН. ШЕМДИН КУДАЙ-ТЕҢИРИНЕ АЛКЫШ!
НУХ, ХАМ ШАРАПТЫ СЕНИН КОЛУҢА КАРМАТКАН ЖОК ДА.
ХАМ СЕНИ ЭСТЕН ТАНГЫЧАКТЫ ШАРАП ИЧТИРГЕН ЭМЕС. АЛ СЕНИ ЧЕЧИНДИРГЕН ЖОК.
КӨП НЕРСЕНИ БАШЫБЫЗДАН ӨТКӨРГӨНҮБҮЗГӨ КАРАБАСТАН, УУЛУМ ЭКӨӨБҮЗ КАТА КЕТИРДИК.
БАШТАЛЫШ 9:23-27


УБАКЫТТЫН ӨТҮШҮ МЕНЕН НУХТУН ТУКУМУ КӨБӨЙӨ БЕРДИ.
АТА!
УУЛДУУ БОЛДУК. АТЫН РАМ КОЕЛУ ДЕП ЖАТАБЫЗ.
ЗАЙЫБЫМДЫН АБАЛЫ ЖАКШЫ, АГА БАШКА АЯЛДАР КАМ КӨРҮП ЖАТЫШАТ.
БИРОК СИЗДИ БИРИНЧИ НЕБЕРЕСИН КӨРСҮН ДЕДИМ.
РАМ.
ЖҮРӨГҮ КАРА МҮРТӨЗ МУУН КЫРЫЛЫП КАЛГАНЫ МЕНЕН, БИЗДИН КҮНӨӨКӨР ТАБИЯТЫБЫЗ ДАГЫ ДЕЛЕ КАЛА БЕРДИ.
БИЗДЕ КУДАЙДЫН ЖЕРДИ ТОПОН СУУ МЕНЕН КАПТАТПАЙМ ДЕГЕН УБАДАСЫ БАР.
КЫЗЫГЫ, КЕЛЕЧЕК МУУНДУН КҮНӨӨСҮН ТАЗАЛОО ҮЧҮН АЛАР МЕНЕН КУДАЙ-ТЕҢИР КАНДАЙ КЕЛИШИМ ТҮЗӨТ БОЛДУ ЭКЕН?
ТОПОН СУУДАН КИЙИН МЫНА УШУЛ ҮЙ-БҮЛӨДӨН, УЛУТТАН БҮТ ЖЕР ЖҮЗҮНДӨГҮ АДАМДАР ТАРАГАН...
БАШТАЛЫШ 9:19, 28